**УДК323.13**

**БОРБОДОЕВ Ж.М.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*

# ЭТНОСТУК КООМДУК УЮМДАРДЫН РЕСПУБЛИКАДАГЫ УЛУТТАР АРАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ РОЛУ

## Роль общественных этнических организаций в развитии межэтнических интеграционных отношений

## The role of the public ethnic organizations in the development of the interethnic integration relations.

***Аннотация:*** *бул макалада этностук коомдук уюмдардын республикадагы этностор аралык интеграциялык мамилелерди өнүктүрүүдөгү ролу каралган.*

***Аннотация:*** *в этой статье рассматривается роль этнических общественных организаций в развитии межэтнических интеграционных отношений в Кыргызской Республике.*

***Annotation:*** *this article considers the role of ethnic public organizations in development of the interethnic integration relations in the Kyrgyz Republic.*

***Негизги сөздөр:*** *этнос; этностук мамилелер; этностук топтор; улуттар аралык мамилелер; интеграция; этностор аралык интеграция;*

***Ключевые слова:*** *Этнос; этнические отношения; этнические группы; межнациональные отношения; интеграция; межэтническая интеграция;*

***Keywords:*** *Ethnos; ethnic relations; ethnic groups; international relations; integration; interethnic integration; title nation; identification; Assembly of the people of Kyrgyzstan; national unities.*

Белгилүү бир мамлекетте жашаган этностук топтордун өкүлдөрү улуттук өз алдынчалыктарын, маданиятын, тилин сактоо аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүгө ар дайым умтулушары табигый көрүнүш. Бирок, дүйнөлүк ааламдашуунун алкагында, негизги этностун өкүлдөрү басымдуулук кылган коомдогу башка элдердин бул аракеттери алардын титулдук улуттун маданий баалуулуктары менен



өздөрүнүн тарыхый жана маданий баалуулуктарын терең айкалыштыруу, тыгыз руханий кызматташуу, бири-бирине чыдамкай, сый жана жарандык ар намыска, улуттук абройго шек келтирбеген мамиле жасоо, жалпы коомдук кызыкчылыктарга негизделген интеграциялык кадамдарды өнүктүрүү жаатында максаттуу иш алып барууга багытталбаса, күтүлүүчү жыйынтыктарга жетише албайт.

Өз кезегинде, титулдук улуттун өкүлдөрү өлкөдөгү башка улуттун элдеринин жана этностук топтордун маданиятын, тилин, традициялык үрп-адатын, салт-санаасын, улуттук өзгөчөлүктөрүн сыйлоо жоопту милдет экендигин, коомдогу граждандык ынтымакты, улуттар аралык биримдикти камсыз кылуу аркылуу социалдык-саясий, экономикалык көйгөлөрдү, илимий-техникалык жетишкендиктерди, жалпы мамлекеттик коопсуздукту, демократиялык процесстердин өнүгүүсүн, адам укугунун жана сөз эркиндигинин сакталышын камсыз кылууга мүмкүн эмес экендигин таануулары керек. Улуттук өзгөчөлүктөрдүн көп кырдуулугу улуттар аралык мамилелердин алыстоосуна алып келбейт, ал эми этностор аралык интеграциялык процесстерди улуттар аралык өзгөчөлүктөрдүн жок болуусу катары кароого мүмкүн эмес.

Улуттар аралык мамилелер мамлекет тарабынан абдан дыкат жана бул багытта келечекте жетишүүчү ийгиликтүү жыйынтыктарга багытталган максаттуу иш аракеттерди талап кылат. Мамлекеттеги улуттук саясаттын тура эмес жүргүзүлүүсү, этностук топтордун аймактык, диний, расалык, тил жана башка улуттук өзгөчөлүктөрүнө карата дискриминациялык мамилелердин пайда болуусуна, улуттар аралык олуттуу жана татаал чыр-чатактарды камтыган көйгөйлөргө алып келет. Ошондуктан, мамлекет улуттар аралык мамилелердин позитивдүү өнүгүүсүнө багытталган максаттуу саясатты ишке ашыруу аркылуу мамлекеттик бүтүндүктү сактоону, күч колдонууга негизделген сепаратисттик көрүнүштөргө жол бербөөнү ардайым көзөмөлгө алуусу зарыл.

Улуттук мамилелерди жөнгө салууга, башкарууга тиешеси бар принциптердин, нормалардын жана тартиптемелердин жыйындысы мамлекеттеги улуттук саясатты түзөт жана ар бир көп улуттуу мамлекеттердин улуттук саясаты өз өзгөчөлүктөрүнө ээ. Ошону менен бирге эле, улуттук мамилелерди жөнгө салуу, чечүү жана коомдун талабына ылайык өнүктүрүү боюнча тарыхый тажрыйба менен бышыкталган ыкмалар жана жолдор бар.



Кыргыз Республикасында мамлекеттеги социалдык, саясий жана экономикалык тармактардын, коомдогу этникалык интеграциялык процесстердин позитивдүү өнүгүүсүн, ички саясий стабилдүүлүктү, улуттар аралык жана конфессиялар аралык макулдукту сактоо багытында акыркы 20 жылдын аралыгында бир топ алгылыктуу жумуштарды аткарып келе жаткан коомдук уюм катары Кыргызстан элинин Ассамблеясынын ишмердүүлүгүн кароого болот.

«Кыргызстан элинин Ассамблеясы» юридикалык жактардын биримдиги Ассоциациясы – прогрессивдүү демократиялык өнүгүүнү камсыз кылуу максатында Кыргызстан калкынын биримдигин жана интеграциялануусун, жарандык тынчтыкты, улуттар аралык ынтымакты чыңдоого, өлкөнүн бүтүндүгүн жана маданий көп түрдүүлүгүн сактоо үчүн Кыргызстан жарандарынын бирдиктүү жоопкерчилигин, жалпы жарандык иденттүүлүктүн негизинде коомдук он солидациялаштырууга жардам берүүгө чакырылган юридикалык статуска ээ коомдук уюм.

Ассамблеянын ишмердиги республикада кыргыздар менен бирге Кыргызстандын элин түзгөн башка улуттардын өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын ишке ашырууга, алардын биримдигин бекемдөөгө, коомдук мамилелерди модернизациялоодо негиз болуучу баалуулуктарды аныктоого жана этностор аралык багыттуу консенсустук программаларды иштеп чыгууга, ишке ашырууга, жарандардын улутуна, социалдык тегине жана башка коомдук шарттардан көз карандысыз, Кыргызстандын бардык жарандары үчүн теңчилдик мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген жарандык биримдикти чыңдоого, коомдо толеранттуулукту, этностор, конфессиялар аралык макулдукшарттарын кепилдөө менен экстремизм жана радикализмдин бардык көрүнүштөрүнө ырааттуу каршылык көрсөтүү боюнча максаттуу иш алып барууга, граждандык коомдун бардык катмарларынын өз ара аракеттенүүлөрүн колдоого, Кыргызстан элинин руханий-маданий жалпылыгын калыптандыруу боюнча тилдик, этникалык, маданий өзгөчөлүктөрдү жана этно маданий интеграциялануунү сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган.

Кыргызстан элинин Ассамблеясы Кыргызстандын элин-динамикалуу жана максаттуу бириктирген, республикадагы бардык улуттардын өкүлдөрү өз ыктыярлары менен мүчө болуп киришкен коомдук уюм жана сексенден ашуун улуттун өкүлдөрүнүн коомдук,

экономикалык жана саясий жөндөмдүүлүгүн ишке ашыруулары аркылуу мамлекеттин ишмердик чөйрөсүн өркүндөтүүгө таасир этүүчү зор күч болуп саналат.

Кыргызстан элинин Ассамблеясы илимий интеллигенция, өкмөттүк, коомдук жана эл аралык уюмдар менен биргеликте, демократиялык процесстердин жана мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнүн жаңы тарыхый шарттарында, Кыргызстандын биримдигин жана бүтүндүгүн, этностор аралык ынтымакты сактоого, өнүктүрүүгө ар дайым демилге берүүчү коомдук институт катары кызмат кылат жана этностор аралык ынтымакты, Кыргызстандын аймагындагы көптүрдүү маданият менен тилдерди сактоо, аларды өнүктүрүү жаатында шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттик саясатты колдоо багытында да иш чараларды аткарат.

Мамлекеттин жана жарандык коомдун бардык институттарынын максаттуу иш алып баруусу менен гана элдик, улуттук биримдикти жана мамлекеттин бүтүндүгүн чыңдоо мүмкүн экендиги эске алынып, 2013-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Указына ылайык, Кыргызстан элинин Ассамблеясына Кыргызстан элдеринин биримдигин бекемдөө маселелеринде мамлекеттик органдардын жана этно маданий борборлордун өз ара аракеттенүүлөрү боюнча консультациялык-кеңеш органынын статусунун ыйгарылышы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ага караштуу жергиликтүү башкаруу жана этникалар аралык мамилелер иштери боюнча Мамлекеттик агенттиктин алдында тийиштүү каржылык-чарбалык маселелерди чечүү менен Кыргызстан элинин Ассамблеясынын курамына кирген коомдук бирикмелер менен өз ара аркеттешүү функциясына ээ структураны түзүүгө рекомендация берилиши, өлкөнүн коомдук-саясий жашоосундагы негизги байлык – улуттар аралык тынчтыкты, биримдикти жана ынтымакты дайыма сактоого, коргоого багытталган мамлекеттик деңгээлдеги максаттуу иш чаралардан болуп эсептелет.

Этностор аралык мамилелердин өнүгүшүнүн жана чыңдалышынын тарыхый факторлорун эске алуу менен социалдык саясаттын негизги субъекти катары, Кыргызстан элинин Ассамблея-
сынын Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты, Өкмөтү, Жогорку Кеңеши, илим, билим берүү, маданият тармактары, коомдук, эл аралык жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу уюмдары сыяктуу эле Кыргыз Республикасындагы этностор аралык мамилелердин



багыттуу курсун ишке ашыруудагы өзүнүн ишмердүүлүгүндө жаңы стратегиялык ыкмаларды иштеп чыгуусуна, кызматташтарынын диапозонун кеңейтүүгө чакырылган концепцияны негиз кылып алуу менен этностор аралык ынтымакка жана натыйжалуу кызмат-таштыкка багытталган демилгелерди, программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруусуна мамлекет тарабынан максималдуу жагымдуу шарттар түзүлгөн жана колдоого алынып келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы бардык жарандарга алардын кайсы улутка тиешелүү экендигине карабастан тең укукту жана эркиндикти кепилдик кылат. Этностук топторго карата мамилелерди регламентациялоочу тийиштүү эл аралык укуктук документтер Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган жана өлкөнүн турмушунда колдонулат. Кыргызстандын ички саясий курсу анын элинин биримдигин бекемдөөгө багытталган жана өлкөдө бир тараптуу улутчул көрүнүштөргө, шовинизмге жана этникалык белгилери боюнча укуктук дискриминацияга жол берилбейт.

Өлкөдөгү улуттар аралык мамилелердин бекемделүүсүнө эл аралык уюмдар жана дүйнө коомчулугу да бир кыйла таасир тийгизип келет. Кыргызстандагы этностор аралык мамилелер ОБСЕ, ПРООН, Фонд «Сорос-Кыргызстан» жана башка уюмдардын көңүл борборлорунда турат. Алардын ишмердүүлүгү биздин өлкөнүн аймагында улуттар аралык Конфликттерди болтурбоонун алдын алуу, эл аралык ынтымакты жана толеранттуулукту

өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү этникалык топтордун укугун жана эркиндигин коргоо боюнча эл аралык документтерди коомчулукка жеткирүүнү камсыздайт. Ассамблеяга кирген улуттук маданият борборлору, биринчи кезекте, диаспора өкүлдөрүн колдоону, алардын тилин, маданиятын, үрп-адатын жана салттарын өнүктүрүү маселелерин колго алышкан.

Кыргызстандагы этностордун маданиятынын, каада-салтынын өз алдынчалыгы алардын улуттук ырлары менен бийлеринде өзгөчө ачык көрүнүп тургандыгына байланыштуу, Ассамблеяга мүчө болуп кирген улуттардын өкүлдөрүнүн дээрлик бардыгынын маданий, профессионалдык чеберчилик деңгээлдерин жогорулатып туруучу өздүк көркөм чыгармачылык коллективдери уюштурулуп, ийгиликтүү иш алып барышууда. атап айтканда, алардын Кыргыз Республи-касынын эгемендүүлүк күнүнө, Нооруз, Жеңиш күнү, Жаңы жыл



майрамдарына байланыштуу коомдук, мамлекеттик иш-чараларга, «Жибек жолу», «Маданият диалогу» республикалык фестивалдарына, «Ырдайлы кыргыз ырларын» конкурсуна катышуудагы ишмердүүлүгү өлкөдөгү улуттар аралык интеграциялык мамилелерди жакшыртуу, өнүктүрүү багытындагы калыптанган тенденция болуп калды.

Кыргызстан элинин Ассамблеясынын иш пландарына ылайык, улуттар аралык интеграцияга түрткү берүүгө арналган ар түрдүү конкурстарды уюштуруу, өткөрүү боюнча иш чараларда коомчулукта жалпы Кыргызстандын эли үчүн түзүлүп жаткан жагымдуу жагдай катары бааланып, республикада кеңири жайылтылып келе жатат.

Кыргызстан элинин Ассамблеясынын ишмердүүлүгүнүн республикадагы борбордук жана жергиликтүү телерадио програм-малары аркылуу максаттуу чагылдырылышы коомдук уюмдардын жана кыргыз элинин өлкөдөгү этностордун өкүлдөрүнүн маданияты жана каада-салты менен таанышуусуна кеңири мүмкүндүктөрдү жаратат.

Мындан сырткары, Кыргыз улуттук телерадио корпорация-сынын Кыргызстан элинин Ассамблеясынын этностук бирик-мелеринин маданият, каада-салт жана үрп-адаттарын жайылтуу боюнча телепрограммаларды, радио берүүлөрдү уюштуруулары этностор аралык этно маданий мамилелерди жакшыртуугаа, маданияттардын интеграциялык мүнөздөрү боюнча долбоорлорду ишке ашырууга багытталган.

Ар кандай этностук-маданий уюмдар тарабынан каржыланып, окурмандарга жайылтылып жаткан гезиттер жана журналдар, этностук бирикмелердин жана маданий – агартуучу борборлордун өз ишмердүүлүктөрү жана этностордун тарыхы жөнүндөгү жыйнактарды басып чыгаруулары алардын бири-бири тууралу кеңири маалыматтарды алуусуна жакшы шарттарды түзүүдө.

Кыргыз Республикасы – кыргыз тили дүйнөлүк цивилизация жаңылыктарын реалдуу өздөштүрүү менен бирге өнүгүүсүн улантып жана мамлекеттик тил катары ийгиликтүү калыптанып келе жаткан өлкө. Республикада чет тилдерди үйрөнүүгө, окутууга кеңири жол ачылган. Орус, англис, түрк, кытай жана башка эл аралык деңгээлде кеңири колдонулган тилдер өлкөнүн жашоо турмушунун бардык тармактарында кабыл алынып, Кыргызстан калкынын дүйнөнүн



башка элдери менен маданий, илимий жана экономикалык байланыштарын өнүктүрүүгө кызмат кылууда.

Көп тилдүүлүк жаштардын келечегине жол ача турган негизги багыттардан экендиги эске алынып, республикалык билим берүү системасынын тийиштүү органдары тарабынан, бүгүнкү күндө, ондогон этникалык уюмдардын Кыргызстан боюнча 50дөн ашуун орто

мектептерде эне тилин үйрөтүү боюнча класстарды ачып, иш алып баруулары колдоого алынган. Кыргыз-орус славян университети, Кыргыз-Түрк университети, Кыргыз-Өзбек Университети сыяктуу бир нече жогорку окуу жайларында этностук топтордун тилдерин үйрөтүү жаатындагы курстар ийгиликтүү иштеп келе жатышат.

Окутуу процессин окуу-методикалык каражаттары менен камсыздоо жана окуу жайларын техникалык каражаттар менен жабдуууда этностук топторго Кыргызстандагы элчиликтердин берип жаткан жардамыда көңүлгө аларлык. Белгилей кетүүчү дагы бир жагымдуу жагдай – Кыргызстан элинин Ассамблеясында мамлекеттик тилди үйрөнүүнү каалаган этностук бирикмелердин мүчөлөрү үчүн лингвистикалык кабинете атайын сабактар уюштурулган.

Жер-жерлердеги өз убагында чечүүнү талап кылган социалдык-экономикалык мүнөздөгү маселелердин жыйындысынан пайда болгон талаш-тартыштарды айрым массалык маалымат каражаттарынын, саясий жана коомдук уюмдардын одоно жана тура эмес трактовкалап, улуттар аралык маселени өздөрүнүн материалдык жана саясий кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн пайдаланууга жасаган аракеттеринин натыйжасында 1990, 2010-жылдардагы көп сандаган адамдык жоготууларга, социалдык, саясий, экономикалык жана моралдык жабыркоолорго алып келген Ош окуялары, андан кийинки
учурлардагы өлкөнүн айрым аймактарында кезигип жаткан этностор аралык конфликттер, Кыргызстандын улуттук саясатында олуттуу көйгөйлөрдүн болуп келгендигинен жана жарандык коомдогу мындай терс стереотиптердин калыптануусу региондордогу геосаясий абалдын өзгөрүүсүнө жана этникалык чыңалууларга алып келүүчү фактор катары сакталып калу мүмкүнчүлүгүнөн кабар берет.

Андыктан, кыргыз мамлекетинде улуттар аралык биримдикти, чыдамкайлыкты, ынтымакты, социалдык жана саясий стабилдүүлүктү сактоо өлкөнүн мындан аркы ар тараптуу өсүп өнүгүүсүнүн келече-



гине зор таасир этээрин эске алатурган болсок, кыргыз этносунун негизинде жаңы көп улуттуу, иденттүү, маңызын жалпы кыргызстандыктар түзгөн саясий улутту түзүү маселесин заманыбыздын чакырыгы катары кабыл алуу зарыл жана булл идеяны жаркын келечекти курууга аракеттенүү, мыйзам үстөмдүгүн жана тарыхый калыптанган моралдык жана маданий баалуулуктарды таануунун айланасында өз ыктыярдуулугун билдирген улуттардын өкүлдөрүнүн шериктештиги, кыргызстандык иденттешүү фактору катары кароо абзел.

Улуттар аралык иденттешүү процессин өнүктүрүү аркылуу өлкөдө жалпы кыргызстандын эллин калыптоонун улуттук моделин түзүү, коомдун ички стабилдүүлүгүн жана коопсуздугун сактоого, этностук топтордун ортосундагы алардын кызыкчылыктарына байланыштуу карама-каршылыктардан жана башка конфликттерден арылууга, республикадагы бардык жарандардын этностук таандыктарынан көз карандысыз болууларына, бирдиктүү жарандык коомду түзүүгө оң таасир этет.

Кыргызстан элинин Ассамблеясынын кыргыз мамлекетинин коомдук турмушундагы этностор аралык өзгөчө институт жана өлкөдө адам укугун жана эркиндигин коргоо, тынчтыкты жана ынтымакты чыңдоо жаатында чоң салым кошуп келе жаткан коомдук уюм катарында бул багытта алгылыктуу иш аракеттерди алып баруусу анын бүгүнкү күндүн талаптарына жооп берүүчү милдеттеринен болуусу керек.

***Адабияттар***

1. Александренко Э.Г. «Этническое самосознание» или «этническая идентичность» // Этнографическое обозрение. 1996.- № 3.

2. Артыкбаева А.А., Борбодоев Ж.М. Кыргызстан патриотизминин социалдык-саясий аспектилери // Наука и новые технологии, №6, Б., 2013.
3. Борбодоев Ж.М., Тостокова К.А. Кыргыз Республикасында этностор аралык мамилелердин өнүгүшүнүн конституциялык негиздери //Наука и новые технологии. − №6. − Б., 2013.
4. Даен Д.В. Этническая идентичность в контексте развития национально-культурных обьединений. − Саратов. 2003.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. − Б., 2011.
6. Указ Президента Кыргызской Республики «О статусе Ассамблеи народа Кыргызстана» от 18.12.2013 УП №232.